**Изденүүчү Качиева Апал Ешембековнанын «Азыркы мектеп шартында класс жетекчинин ишмердүүлүгүн өнүктүрүү» аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистигине ылайык педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертациясына расмий оппоненттик пикир**

Талкууга алынып жаткан диссертациянын предметин мектепте расмий милдети боюнча балдарды, анын чөйрөсүн жакындан таанууга жана аларга ар тараптуу психологиялык кеңеш көмөк көрсөтүүгө расмий милдеткер субьект класс жетекчинин ишмердүүлүгү түзөт. Бүгүн класс жетекчинин ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн зарылдыгын тастыктаган факторлор өтө эле көп. Алардын эң башкысы коомдук өзгөрүүлөр менен шартталат. Бүгүн өсүп келе жаткан бала үчүн маалыматтык жаңы чек араларсыз жаңы мейкиндикте жашап жатат. Балдар күн сайын мандайыбызда олтуруп бирге жашоо кечирген менен алардын ишеним ынанымдары, туткан позицияларынын калыптанышында ата эне, мугалимдерге караганда интернет ресурстарынын таасири күчтүүрөөк болууда. Кыргыз социумунда муундар ортосундагы баалуулуктар ажырымы ачык байкалып *“аталар”* жана *“балдар”* көйгөйү ортого чыгууда; балдар өз теңтуштары менен ойноо мүмкүнчүлүгүнөн да ажырап “балдар коому” акырындап маданий кубулуш катары өз мазмунун жана формасын өзгөртүп бара жатат; балдар виртуладык дүйнөдө жашоого ыкташууда, жаш өспүрүмдөр арасында кылмыштуулук күчөөдө; жумуш миграциясынан улам ата -энесинен оолак өсүп, түрдүү психологиялык кырдаалдарга туш келген балдардын көбөйүүдө. Ошентип, азыр “бала” феноменинин социалдык портрети өзгөрүлүп белгилүү өлчөмдө аны менен иштеген субьекттер жада калса ата-энелери үчүн да табышмакка айланып бара жатканы акыйкат. Ал эми балдарды, ойлогон оюн, ниетин, жүрүм турумундагы өзгөрүүлөрдү ичтен үйрөнүп такай баам салып талдап аларды четтетүү багытында педагогикалык коллективдин, ата энелер жана башка коомчулуктун назарын буруп активдүү иш аракетке тартуу үчүн класс жетекчиден өтө татаал жана көп кырдуу компетенттүүлүктөрдү талап кылаары өзүнөн өзү түшүнүктүү. Ошону менен бирдикте бүгүнкү класс жетекчилер *биз өзүбүздү коомдун өнүгүүсүнөн келип чыккан көйгөйлөрдү чечүүгө даярдай албай жатабыз” -рефлекция жасоонун ордуна «Бүгүнкү күндө балдар менен иштөө өтө кыйындап баратат...» деген жалгыз шылтоого көбүрөөк ыкташат.* Бүгүн класс жетекчилер өзгөргөн балалыктын табиятына адекватуу мамиле жасай алышпайт. Алардын ичинде балдарды ичтен түшүнүп аларга үстүртөн карабай, бою менен боюн, оюн менен оюн теңештирип бир тилде сүйлөй алгандар аз.

Тилекке каршы бүгүн ЖОЖдордун билим берүү стандартында педагогикалык кадрларды класс жетекчилик ишмердүүлүккө даярдоо маселеси атайын андалган эмес. ЖОЖдордун окуу программаларында класс жетекчилик айрым темалардын алкагында үзүл кесил аталып гана кетпесе аларды даярдоого байланыштуу билимдер долбоорлонгон эмес. Ошону менен бирдикте бүгүнкү илимий билимдер корунда класс жетекчинин ишмердүүлүгүнө байланыштуу эмгектер жалпы адабияттардын өтө эле аз пайызын түзөт. Азырынча андай эмгектердин катарында М. Колдошевдин (1992) класс жетекчинин тарбиялык ишин системалуу пландаштыруу Х. Угурдун (2007) класс жетекчинин сабагынан жетишпегендер окуучулар менен коррекциялык ишмердүүлүгүнө арналган диссертациялык изилдөөлөрүн гана бөлүп көрсөтүүгө болот.

Ошентип, адабияттар анализи кыргыз педагогикасында мектеп практикасынын мындай өзөктүү муктаждыктарын канаатандыруучу рационалдуу билимдер толук иштелип чыга элек экендигин көрсөтүп олтурат. Ушундан улам изденүүчүнүн ушундай татаал проблеманы изилдөөгө батынып киришип жатканына урматтоо жана колдоо менен мамиле жасашыбыз абзел.

Изилдөөгө киришип жатып диссертант класс жетекчинин ишмердүүлүгүн өнүктүрүүгө таасир этken карама каршылыктарды ар тараптуу үйрөнүп, анализдеп адекваттуу анализ жасай алгандыгын көрүүгө болот. Мындай чын-ыкластуу аракеттин натыйжасын диссертациянын илимий апаратынын бардык компоненттеринен көрүүгө болот.

**Диссертациялык изилдөөнү максатын** - азыркы учурдагы класс жетекчинин ишмердүүлүгүнүн моделин түзүү жана ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттарын аныктоо, иштелип чыккан сунуштарды эксперимент аркылуу текшерүү, жыйынтыгын мектеп практикасына киргизүү. Коюлган максат жана анын структурасы катары белгиленген милдеттер Кыргызстандын педагогикалык илиминин контекстиндеги чечилген маселелердин алкагынан алып караганда кыйла жаңы.

2. **Изилдөөчү диссертациясында илим жана практика үчүн актуалдуу төмөнкүдөй натыйжаларды жарата алган.**

1. Кыргыз мектептеринде класс жетекчинин ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн социалдык-педагогикалык жана илимий теориялык өбөлгөрү айкындалган.
2. Класс жетекчинин учурдун талаптарына шайкеш компетенттүүлүктөрүнүн мазмуну, негизги көрсөткүчтөрү, деңгээлдери аныкталган.
3. Класс жетекчинин ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары теориялык жактан негизделип чыкты алардын натыйжалуулугу эксперимент аркылуу текшерилген. Диссертациялык изилдөөнүн натыйжасы катары айкындалган мотивациялык-стимулдаштыруучу чөйрөнү түзүү; класс жетекчинин

ишмердүүлүгүн компетенттүүлүк негизде өнүктүрүүгө арналган семинар-практикумдун мазмунун иштеп чыгуу жана ага ылайык окутуу процессин уюштуруу; класс жетекчилердин иновациялык ишмердүүлүгүн уюштуруу сыяктуу системдүү негиздемелерди бул маселе боюнча мурдагы изилдөөчүлөрдүн эмгектериндеги (В.Р. Ясницкая, Н.Е. Щуркова, Колдошев М.ж.б.) табылгалардын жаңы баскычы катары кароого болот.

4. Эксперименталдык–тажрыйба иштеринин негизинде класс жетекчинин ишмердүүлүгүн өнүктүрүү багытында илимий-практикалык негиздүүлүгүн тастыктады.
5. **Диссертацияда аныкталган изденүүчүнүн ар бир илимий натыйжасынын, таянактарынын жана корутундусунун негизделгендик жана ишенимдүүлүк даражасы.**

Изилдөөдөн келип чыккан теориялык тыянактардын ишенимдүүлүгү тиешелүү методологиялык жоболордун жана методдордун жетекчиликке алынышы аркылуу камсыздалган. Коргоого коюлган диссертация илимий натыйжаларга жетүү жолундагы автордун изилдөөчүлүк ишмердүүлүгүн жана өздүк салымын тастыктай алат.

**1-натыйжа.** Кыргыз мектептеринде класс жетекчинин ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн социалдык-педагогикалык жана илимий теориялык өбөлгөрү илим менен практикадагы абалды тыкыр анализдөө аркылуу айкындалган. Автор тарабынан чет элдик, ата мекендик илимдеги теманын тегерегиндеги фундаменталдык жана прикладдык изилдөөлөр тыкыр талдоого алынган. Диссертацияда класс жетекчилердин ишмердүүлүгүн өнүктүрүүгө кедергисин тийгизген детерминанттардын көпчүлүгү боюнча туура тыянак чыгарылган.

**2-натыйжа.** Класс жетекчинин учурдун талаптарына шайкеш компетенттүүлүктөрүнүн мазмуну, негизги көрсөткүчтөрү, деңгээлдери класс жетекчинин функционалдык педагогикалык ишмердүүлүгү жана азыркы кыргызстандын мектептериндеги окутуу- тарбиялоонун милдеттери, реалдуу көйгөйлөрү, чечүү проблемаларына арналган адабияттарды үйрөнүү; класс жетекчилердин өздөрүнүн эмпирикалык пикирлерин, түшүнүктөрүн үйрөнүү багытында анкета жүргүзүү жана аларды эксперттик анализден өткөрүү аркылуу аныкталган. Диссертант тарабынан иштелип чыккан класс жетекчинин компттенттүүлүгүнүн критерийлери жана аны аныктоого байланыштуу инстурменттерди ишенимдүү колдонууга болот.

**3- натыйжа**. Класс жетекчинин ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары теориялык жактан негизделип чыкты алардын натыйжалуулугу эксперимент аркылуу текшерилген. Келечектеги башталгыч мектеп мугалиминин окуучулардын окуу жетишкендиктерин баалоо компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары негиздүү жана алардын эксперименталдык жактан текшерүү процессин, алынган натыйжаларды чагылдырган метериалдар жеишээрлик.

**4- натыйжа**. Эксперименталдык иштердин мазмуну өзү долбоорлогон программалардын кайтарымдуулугун текшерүүгө багытталып, автордун жеке өзүнүн катышуусу менен ишке ашырылгандыгы, эксперименталдык материалдардын сандык жана сапаттык жактан ишенимдүү методдор аркылуу мүнөздөлгөнү алынган натыйжалардынн ишенимдүүлүгүнөн шек саноого мүмкүндүк бербейт.

6. **Диссертацияда аныкталган изденүүчүнүн ар бир илимий натыйжасынын (жобосунун), тыянактарынын жана корутундусунун жаңылык даражасы.**

**1-натыйжа.** *Жаңы,* мурда кыргыз мектептеринде класс жетекчинин ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн социалдык-педагогикалык жана илимий теориялык өбөлгөрү атайын изилденип жалпылаштырылган эмес.

**2-натыйжа.** *Жаңы,* класс жетекчинин учурдун талаптарына шайкеш компетенттүүлүктөрүнүн мазмуну, негизги көрсөткүчтөрү, деңгээлдери боюнча диссертант тарабынан алынган натыйжалар илимий билимдердин жаңы коруна кирет деп эсептөөгө болот. Автор тарабынан класс жетекчинин образы "насаат нускасы, таасирлүү чоң адамдын идеалы", "турмуш жана дүйнө тааным булагы", "балдардын жан дүйнөсүнүн чебер билерманы, эң жакын жардамчысы" катары өз элинин маданиятын дүйнөлүк маданияттын өрнөк үлгүлөрү менен жуурулуштуруп, балдарды билим жана маданият чөйрөсүнө баштоочу "гид" болушу шарт экендиги айкындалган. Биздин оюбузча бүгүнкү илимий билимдер корунда класс жетекчини жалпы эле педагогду ушундай кеңири контекстте кароо жагы жетишпейт.

**3-натыйжа.** *Жаңы,* Класс жетекчинин ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн автор тарабынан иштелип чыккан педагогикалык шарттары кыргыз мектептеринин окутуу-тарбиялоо мейкиндигиндеги өзгөчөлүктөргө ылайык аныкталган. Диссертациялык изилдөөнүн төртүнчү жаңылык катары формулданган илимий-практикалык сунуштар же прикладдык мүнөздөгү билимдер да автордук өз изилдөөсүнүн негизиндеги тыянактарына, субьективдүү пикирлерине негизделген.

**4-натыйжа.** *Жаңы* Эксперименталдык–тажрыйба иштер автордун жеке катышуусу менен жүргүзүлүп натыйжалары илимий аналитикалык талдоого алынган. Алардын негизинде иштелип чыккан сунуштар негиздүү.

7. **Изилдөөнүн натыйжаларынын практикалык баалуулуулугу төмөндөгүлөр менен аныкталат:**

- класс жетекчинин учурдун талаптарына шайкеш компетенттүүлүктөрүнүн мазмуну, негизги көрсөткүчтөрү, деңгээлдери азыркы мектептерде класс жетекчилердин ишмердүүлүгүн диагноздоо, баалоо, өркүндөтүүдө жетекчиликке алынышы мүмкүн;

- "Класс жетекчи» семинар-практикуму жана анын негизинде уюштурулган метод жана ыкмалардын системасы мугалимдердин билимин өркүндөтүү институттарында жана жогорку окуу жайлардын студенттерин даярдоодо колдонулушу мүмкүн;
- изилдөөнүн натыйжасында иштелип чыккан илимий –практикалык сунуш кеңештер класс жетекчилердин күндөлүк өзүн өзү өркүндөтүү иш практикасында колдонулушу мүмкүн.

8. **Алынган натыйжалардын ички биримдигин жана тиешелүү актуалдуу проблеманы, теориялык жана прикладдык милдетти чечүүгө багытталгандыгын баалоо.**

Изденүүчү Качиева Апал Ешембековнанын «Азыркы мектеп шартында класс жетекчинин ишмердүүлүгүн өнүктүрүү» аттуу темадагы диссертациясында көрсөтүлгөн натыйжалар класс жетекчинин ишмердүүлүгүн өнүктүрүүгө салым кошот деп эсептөөгө болот. Алынган натыйжалар ички биримдикке жана логикалык ырааттуулукка ээ. Практикалык сунуштар текшерилген теориялык жоболорго негизделген. Диссертация Кыргызстанда бул проблемага арналган жаңы изилдөөлөрдүн катарына кирет.

Диссертация белгиленген проблема боюнча ички биримдикке ээ жана бир катар жаңы илимий натыйжаларды жана жоболорду камтыйт. Бул изденүүчүнүн кыргыз педагогикасына кошкон жеке салымын тастыктайт.

9. **Диссертациянын негизги натыйжаларынын, жыйынтыктарынын, корутундуларынын толук жарыяланышы.**

Изилдөөнүн багыты боюнча бардыгы 18 макала жарыяланган. Автордун илимий илимий-методикалык эмгектери изилдөөнүн негизинде формулданган теориялык жоболорду ошондой эле практикалык рекомендацияларды толугу менен өз ичине камтыйт.

10. Автореферат жана жарыяланган эмгектер толугу менен диссертациянын мазмунун чагылдырат жана ага туура келет.

11. **Диссертациялык жумуштун айрым кемчиликтери катары төмөнкүлөрдү көрсөтүүгө болот:**

1. Диссертациянын бардык компоненттринде б.а. теориялык бөлүмүндө да, практикалык бөлүмүндө да класс жетекчилердин ата энелер менен иштөө компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүү маселелерине азыраак көңүл бөлүнүп калган.
2. Класс жетекчинин ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн формаларын, методдорун, ыкмаларын тандап алуу, конструкциялоодо иновациялык инструменттерге артыкчылык берген. Түпкүлүгүндө бул туура позиция, бирок изилдөөчүнүн тике катышуусу менен практкалаган долбоорлорду массалык мектептерде ишке киргизүү кыйынчылык жаратышы мүмкүн.

3. Класс жетекчи көбүнесе тарбия компонентин ишке ашырууга милдеткер адам. Ушуга байланыштуу анын компетентүүлүкүтөрүнүн көрсөткүчтөрүн аныктоо жана аларды калыптандыруу процессине байланыштуу материалдарда тарбия концепцияларына басым жасалса жакшы болмок.

Аталган кемчиликтер диссертациянын сапатына, анын теориялык жана практикалык натыйжаларына олуттуу таасир эте албайт. Качиева Апал Ешембековнанын кандидаттык диссертациясын өз алдынча аткарылган изилдөө катары кароого болот.

Жалпысынан изденүүчү Качиева Апал Ешембековнанын «Азыркы мектеп шартында класс жетекчинин ишмердүүлүгүн өнүктүрүү» аттуу педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын диссертациялык изилдөөлөргө коюлуучу талаптарына ылайык келет. Ал эми изденүүчү Качиева Апал Ешембековна 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына татыктуу деп эсептөөгө болот. Орточо баллдардын суммасы 4,8 балл.

**Расмий оппонент:**
**Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин профессору, педагогика илиминин доктору** **Алимбеков А.**

**А. Алимбековдун колун тастыктайм:**

КЕҢСЕ

**Критерии**

**экспертной оценки диссертации Качиевой Апал Ешембековны «Азыркы мектеп шартында класс жетекчинин ишмердүүлүгүн өнүктүрүү»**

| № п/п | Основные критерии оценки | Количество баллов |
|---|---|---|
| | **Критерии актуальности** | |
| 1. | Изученность проблемы исследования | 5 |
| 2. | Обоснования актуальности избранной темы | 5 |
| 3. | Приоритетность подхода к разработке | 5 |
| 4. | Логичность авторской рабочей гипотезы | 5 |
| 5. | Формулировка и взаимосвязь цели и задачи | 5 |
| | **Сумма баллов** | **25** |
| | **Средний балл** | **5** |
| | **Критерии новизны** | |
| 1. | Принципиальная новизна исследований | 4 |
| 2. | Новизна научно-методического подхода | 5 |
| 3. | Типология выдвигаемых основных положений | 4 |
| | **Сумма баллов** | **13** |
| | **Средний балл** | **4,3** |
| | **Критерии качества и уровня** | |
| 1. | Оргаизация и методология исследования | 4 |
| 2. | Научно- теоретические ресурсы | 5 |
| 3. | Научно- прикладные ресурсы исследования | 5 |
| 4. | Обоснованность проработки материалов | 5 |
| 5. | Теоретический результат (фундаментальность) | 4 |
| 6. | Практическая востребованность результатов | 5 |
| 7. | Степень реализации цели и задачи | 4 |
| | **Сумма баллов** | **33** |
| | **Средний балл** | **4,7** |
| | **Критерии апробированности** | |
| 1. | Полнота, уровень и географии публикации | 5 |
| 2. | Полнота и география публичной апробации | 5 |
| 3. | Степень удовлетворения заданной потребности | 5 |
| 4. | Личный вклад в исследование | 5 |
| | **Сумма баллов** | **20** |
| | **Средний балл** | **5** |
| | **Критерии качества оформления** | |
| 1. | Качество оформления диссертации | 5 |
| 2. | Качество оформления автореферата | 5 |
| | **Сумма баллов** | **10** |
| | **Средний балл** | **5** |
| | **Оценка качества «проводки» диссертации** | |
| 1. | Соответствие процедуры предзащитного рассмотрения | 5 |
| 2. | Соответствие процедуры защиты | 5 |
| | **Сумма баллов** | **10** |
| | **Средний балл** | **5** |
| | **Общая сумма баллов** | **111** |
| | **Средний балл** | **4,8** |

Официальный оппонент: д.п.н., проф. А. Алимбеков

Подпись А.Алимбекова заверяю

КЕНСЕ